**УДК:378**

***Кыдыралиева Г.А., Керимова М.***
*Кыдыралиева Гулзат Алмамбетовна - ИКнын директору, С. Нааматов атындагы НМУ;*
*Керимова Мадина Таалайбековна - окурмандарды тейлөө бөлүмүнүн ассистенти, БААУ.*

# ИЛИМИЙ БИЛИМДЕРГЕ «АЧЫК ЖОЛ» - АЧЫК ЭЛЕКТРОНДУК РЕСУРСТАР

# “ОТКРЫТЫЙ ДОСТУП” К НАУЧНЫМ ЗНАНИЯМ – ОТКРЫТЫЕ ЭЛЕКТРОННЫЕ РЕСУРСЫ

# OPEN ACCESS TO SCIENTIFIC KNOWLEDGE - OPEN ELECTRONIC RESOURCES

***Аннотация.*** *Илимий жана билим берүү маалыматтарга “Ачык Жеткиликтүүлүк” концепциясы глобалдык интерактивдүү билимдерди калыптандыруу боюнча дүйнөлүк тенденциянын конкреттүү ишке ашырылышынын бирден бир жолу болуп калды. Илимий жана билим берүү маалыматтарга ачык жеткиликтүүлүк тууралуу негизги маалыматтар, анын Кыргызстандагы азыркы абалы жана өнүгүү перспективалары көрсөтүлгөн.*

***Аннотация.*** *Концепция «открытого доступа» к научной и учебной информации явилась одной из конкретных воплощений всемирной тенденции к формированию общемирового интерактивного знания. Излагаются основные сведения об открытом доступе к научной и учебной информации, его современное состояние в Кыргызстане и перспективы развития.*

**Abstract.** *The concept of “Open Access” to scientific and educational information has become one of the concrete embodiments of the global trend towards the formation of global interactive knowledge. Basic information about open access (OA) to scientific and educational information, the current status in Kyrgyzstan, and development prospects are presented.*

***Түйүндүү сөздөр:*** *ачык жеткиликтүүлүк басылмалар, ачык жеткиликтүүлүктүн жашыл жолу, ачык лицензиялар- Creative Commons(CC) лицензиялары,* препринт*(авторлор ачык илимий платформага жарыялаган кол жазма), ачык репозиторий, ачык журнал.*

***Ключевые слова:*** *публикация в открытом доступе, “зеленый” открытый доступ, лицензия открытого доступа — лицензия Creative Commons(CC), препринт, репозиторий открытого доступа, журнал открытого доступа.*

***Keywords****: open access publishing, green open access, open access licence-Creative Commons (CC) licence, pre-print, open access repository, open access journal.*

Узак убакыт бою илимий билимге ачык жеткиликтүүлүк темасы, басып чыгаруу чөйрөсүндө, илимий коомчулукта, окумуштуулар, изилдөөчүлөр, студенттер жана өздөрүнүн күнүмдүк иши үчүн илимий басылмаларга муктаж болгон ар бир жаран арасында активдүү талкууланып келет. Илимий изилдөөлөрдүн көбү мамлекет тарабынан каржыланганына карабастан, алардын натыйжалары дагы деле көпчүлүк жарандар үчүн жеткиликтүү эмес. Бул илимий билимдердин кеңири жеткиликтүүлүгү жана ачыктыгы маселе актуалдуулугу жөнүндө айтып турат.

«Ачык Жеткиликтүүлүк» термини биринчи жолу 2002-жылдын, февралында Будапешттеги Ачык жеткиликтүүлүк демилгесинде (www.budapestopenaccessinitiative.org) бекитилген. Ошондон бери анын мааниси дээрлик өзгөрүүсүз калды: Ачык жеткиликтүүлүктүн негизги максаты илимий иштерге акысыз(free), оперативдүү (immediate), туруктуу (permanent), толук текст(fulltext), онлайн(online) колдонууга мүмкмнчүлүк берүү болуп саналат. Будапешт конференциясынан бир жыл өткөндөн кийин АКШда Creative Commons (https://creativecommons.org/) коммерциялык эмес уюму түзүлгөн. Андан көп өтпөй (салттуу колдолунуп келген автордук укуктан айырмаланып) коомдук доменде жарыяланган материалдарга лицензиялардын биринчи басылышы пайда болду. Азыркы учурда төрт шартка ылайык түзүлгөн, алты ачык Creative Commons (CC) лицензиялары белгилүү: атрибуция менен колдонуу (BY, Attribution); туунду чыгармалар жок (ND, No Derivative Works); бирдей шарттарда колдонуу (SA, Share Alike); коммерциялык максатта колдонбоо (NC, NonCommercial). Учурда ачык жеткиликтүүлүктү өнүктүрүүнүн эки тенденциясын аныктоого болот. Депозиттик же өзүн-өзү архивдөө («жашыл жол» деп аталган) – бул авторлор өз макалаларын салттуу журналдарда жана ошол эле учурда интернеттеги кандайдыр бир ачык булактарда ачык жеткиликтүүлүктө жайгаштыруу. Бул уюмдун веб-сайты, жеке веб-баракчасы же институттук же борборлоштурулган репозиторийлер болушу мүмкүн. Эң белгилүү дүйнөлүк репозиторийлерге arXiv (www.arxiv.org) жана PubMed (www.ncbi.nlm.nih.gov/pubmed) дегендер кирет. 2013-жылдын июль айына карата (SHERPA www.sherpa.ac.uk маалыматы боюнча), рецензияланган бардык журналдардын болжол менен 70% кандайдыр бир формада депозитти колдойт. Бирок, калган 30% негизинен импакт-фактору жогору болгон престиждүү илимий журналдарга тиешелүү. Тилекке каршы учурда бул жол Кыргызстанда кеңири таралган эмес. Иш жүзүндө ири борборлоштурулган репозиторийлер жокко эсе, аз гана сандагы авторлор өз эмгектерин институттук репозиторийлерге жүктөшөт.

Илимий билимде ачык жеткиликтүүлүк маселеси дүйнөлүк илим үчүн да, Борбордук Азия өлкөлөрү анын ичинде Кыргызстан үчүн да актуалдуу. Курч маселелердин бири, Кыргызстанда илимий басылмалардын окурмандарынын аздыгы, бул бир жагынан басылган илимий журналдардын жупуну тиражы менен, экинчи жагынан, табуу кыйынчылыгы менен түшүндүрүлөт. Электрондук вариантка чектелген жеткиликтүүлүк (акы төлөө). Көптөгөн регионалдык университеттер жана илимий мекемелер сапаттуу репозиторий колдонууга мүмкүнчүлүктөррү чектелген. Толук же жарым-жартылай турган салттуу басмалар тарабынан коюлган катуу шарттарга байланыштуу макаланын жарыяланган текстин пайдаланууга интернет аркылуу таап, пайдаланууга тыюу салынат. Натыйжада, биз илимий изилдөөлөрдүн көп саны бар (эң кызыктуу жана өнүккөн) деп эсептеген илимий журналдар кененирээк аудитория үчүн толугу менен жеткиликсиз. Негизги маселелердин бири ачык жеткиликтүү журналдар рецензиялана тургандыгын илимий коомчулука жеткизүү.

EIFL консорциуму менен кызматташуунун жардамы менен Кыргызстандын ЖОЖдорунун авторлору өз макалаларын алдыңкы илимий журналдарда акысыз же арзандатылган баада ачык жеткиликтүүлүктө жарыялоо мүмкүнчүлүгүнө ээ болушту. Бүгүнкү күндө EIFL консорциумунун 14 академиялык басмакана менен келишимдери бар, алар 29 өлкөнүн анын ичинде Кыргызстандын авторлоруна акысыз же арзандатылган баада жарыялоону камсыздайт. Кыргызстандык окумуштуулар кабыл алынган илимий макалаларды толук ачык же гибриддик журналдарда эч кандай макала иштетүү акысын (APC) төлөбөстөн же жеңилдетилген жолу менен жарыялай алышат. Ошону менен катар, Кыргызстандагы авторлор өздөрүнүн электрондук даректери аркылуу ачык жеткиликтүүлүккө макалаларын жиберип жаткан учурда автоматтык түрдө кабыл алынат жана төлөө акысынан куткарылгандыгы тууралуу маалымдалат.

Ачык жеткиликтүүлүк идеясын илгерилетүү боюнча биринчи долбоорлордун бири китепкана жана маалымат консорциуму (БИК) тарабынан өткөрүлгөн «Институционалдык репозиторийди түзүү: ачык электрондук китепкана» семинары болду. Бүгүнкү күндө бир нече университеттер өздөрүнүн мугалимдеринин, изилдөөчүлөрүнүн жана студенттеринин илимий басылмаларын сактоо жана жеткиликтүү кылуу үчүн санариптик репозиторийлерди ачышкан. ОБСЕ Академиясы DSpace платформасында магистранттардын дипломдук иштерин жайгаштырат. https://mt.osce-academy.kg/ К.Тыныстанов атындагы Ысык-Көл мамлекеттик университетинин китепканасы педагогикалык жамааттын эмгектеринин

электрондук жыйнагын ачып, аны көзөмөлдөйт. https://mt.osce-academy.kg/ . KyrLibNet корпоративдик репозиторийи илимий иштердин эң ири ачык архиви болуп саналат, анда 21 000ден ашык эмгектер, анын ичинде диссертациялардын авторефераттары, диссертациялар, жогорку окуу жайларынын жыйнактары (вестник), монографиялар, окуу китептери, лекциялар, окуу куралдары ж.б жайгаштырылган. https://mt.osce-academy.kg/ Репозиторийде 20 дан ашык окуу жайдын, анын ичинде И. Раззаков атындагы Кыргыз мамлекеттик техникалык университетинин профессорлорунун, окутуучуларынын, илимий кызматкерлеринин эмгектери бар. Кыргыз-Орус Славян университети, Кыргыз мамлекеттик юридикалык академиясы, И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик Университетинин. Жалал-Абад мамлекеттик университети, С Нааматов атындагы Нарын мамлекеттик университети жана башкалар бар.

Коомдук китепканалар ассоциациясы А.Осмонов атындагы Улуттук китепкана менен биргеликте Lib.kg ачык китепканасын түзүү долбоорун ишке ашырууда, анда ачык лицензиялар боюнча жеткиликтүү 1600дөн ашык окуу материалдары камтылган. http://lib.kg/

Кыргыз Республикасындагы жогорку окуу жайларында автордук укук боюнча мамлекет илимий изилдөөлөрдү басып чыгарууну каржылоо схемасын акырындык менен өзгөртүп келет. Келечекте Кыргызстанда көп сандагы жогорку сапаттагы ачык журналдардын чыгышына күбө болорубузга ишенебиз. Бул үчүн салттуу журналдарды иш моделин өзгөртпөстөн илимий ишкерлерди “алтын жолго” кошулууга жана макалаларды интернеттеги ачык булактарда ачык жеткиликтүүлүктө жайгаштыруу болуп саналат. Азыркы күндө практика көрсөтүп тургандай басмаканалар тарабынан ачык жеткиликтүүлүккө болгон кызыгуу өсүүдө. Мындан ары дагы бул тенденция улана берет деп үмүттөнөбүз жана бардык кызыкдар жарандарды бул демилгеге кошулууга чакырабыз.

**Адабияттар:**

1. Илимий билимдерге ачык жеткиликтүүлүк. ЖОЖдорго практикалык колдонмо.-Бишкек 2022-63б.

---